УДК 82-1/-9(575.2) (04)
DOI: 10.35254/bhu.2019.48.17

Ногойбаева Гүлжан
ИНДОнун улук окутуучусу

ЗАМАНДЫН "ДАРТЫНА" ДАБАА "АЙМАРАН"

"АЙМАРАН" ВЫЗОВ ДУХОВНОМУ МИРУ СОВРЕМЕННОСТИ

THE NOVEL "AIMARAN" AS A CHALLENGE TO THE SPIRITUAL WORLD OF MODERNITY

Аннотация: *Бул макалада Кыргыз Республикасынын Эл акыны, жазуучу-драматург М.Мамазариеванын "Аймаран" романы жөнүндө сөз болот. "Аймаран" романы жаңы доордогу адамзатын руханий аруулукка, адеп-ахлактыкка үндөгөн чыгарма. "Аймаран" романынын сюжетиндеги окуялар реалдуу турмуш менен байланыштуу өнүгүп, доордун көйгөйлүү маселелери чагылдырылат. Жаңы доордун жаштарынын дүйнөгө болгон гуманисттик көз карашын, турмуштук активдүү позициясын, адеп-ахлактык ишенимин, рухий маданиятын калыптандыруу менен эстетикалык табитин тарбиялоо максатында, романдын мазмунунда, сюжеттинин өзөгүндө сүрөттөлгөн окуяларына байланыштырып чыгарманы практикалык сабактарда талдоо сунушталат. Адабият сабагындагы башкы маселенин бири чыгармага талдоо жүргүзүү, талдоо аркылуу адабият боюнча терең билим берилет жана ал аркылуу аң-сезимди өстүрүп, адеп-ахлактык тарбия бере алабыз.*

Түйүндүү сөздөр: *адабият, чыгарма, адеп-ахлактык, мекенчил, жаңы заман, муун, тарбия, мазмун, окуя.*

Аннотация: *В этой статье рассматривается роман "Аймаран" Народной поэтессы Кыргызской Республики, писателя-драматурга М.Мамазариевой. "Аймаран" здесь выступает как вызов к духовному миру современности, как оплот чистоты и гармонии, гуманистические взгляды молодого поколения, воспитывает эстетическое восприятие мира. На основе анализа сюжета, роман предлагается на практических занятиях. Один из главных задач в изучении литературы анализировать произведение, литературное анализирование дает глубокие знания и развивает нравственно-эстетическое воспитание.*

Ключевые слова: *литература, произведение, нравственность, патриотизм, современность, поколение, воспитание, содержание, событие.*

Annotation: *This article deals with the novel "Aimaran" of the folk poetess of the Kyrgyz Republic, the writer of playwright of M.Mamazarieva. Here "Aimaran" comes out as a challenge to the spiritual world of modernity,as a stronghold of purity and harmony, humanistic views of the young generation, trains the aesthetic vision of world. One of the main tasks in the study of literature is to analyze the opus,analyzing literature it gives deep knowledge and develops consciousness,morality and aesthetic training.*

Key words: *literature, opus, morality, patriotism, modernity, generation, training, content, occasion.*

Көркөм чыгарманын мазмуну – дегенибиз белгилүү бир реалдуу турмуштан алынган окуянын көркөм формада чагылдырылышы. Жазуучу адамдар турмушунун сүрөтүн сөз аркылуу тартып, бай окуяларды көрсөтүп, өзүнүн каарманынын кубанычын, кайгысын көрсөтүү менен чыгармасынын мазмунун түзөт да, ошол чындыкка, көрүнүшкө, окуяга өзүнүн көз карашын билдирет. «Жазуучуга чыгарманын мазмунун,— деп жазган улуу сынчы Белинский,— анын эли жана алардын жашаган турмушу берет. Демек, жазуучуга бай окуяларды, терең мазмунду өзүнүн эли менен жашап турган доору берет.

Адабият сабагындагы башкы маселенин бири чыгармага талдоо жүргүзүү экендигин, талдоо аркылуу гана адабият боюнча терең билим бериле тургандыгын, ошол аркылуу аң-сезимибиз өсүп, нравалык, эс-

тетикалык тарбия бериле тургандыгын XX кылымдын методисттери А.Д.Алферов, В.В. Данилов, Н.М. Соколовдор илимий эмгектеринде атайын белгилеп көрсөтүшкөн. "Окутуу ишинде эң маанилүү нерсе тигил, же бул чыгарманын мазмуну эмес, ошол мазмундун үстүндө окуучулар менен иштесе, ошол талдоо аркылуу аларга акыл, нрава жана эстетикалык тарбия берүү" - деп эсептеген В.Я.Стоюнин.

А.Т.Твардовский мындай деген : "Биздин окуучулар роман же повестти окуганда, аны колундагы калеми менен "анализдебей" окуу процессинде китеп менен кубанычтуу пикирлешүүнүн, ой бөлүшүүнүн процессинде маани берүүнү каалар элем…". Албетте, талдоо менен адабияттын турмуш менен болгон байланышын түшүнөбүз жана чыгарманын идеялык мазмунун, көркөмдүк жагын талдоо аркылуу биз жаштарга тарбия бере алабыз.

"Аймаран" романы кыргыз адабиятында жаңы заманды көркөм чагылдырган чыгарма, замандын окуялары, ал окуялар реалдуу турмуштан алынган жаңы доордун көйгөйлөрү. "Аймаран" романында – деп жазат Исмаилова Р.: - азыркы замандын жаңы каармандары - адеп-ахлактуу, жеке өз көз карашы бар, турмуштагы орду бири-биринен айырмаланган, же бири-бирине карама-каршы турган же бирин-бири толуктаган, ар түрдүү мүнөздөр, типтер, образдар жаңы адабиятта жаңы доордун көркөм сөзгө көчүрүлүшү менен реалдуу турмуш көрүнүштөрү чагылдырылат". [1.12-б.]

Романдын идеялык маңыз-мазмуну ар тараптуу, ар жактуу жогорку чеберчиликте чечмелеген автордук табылгалар арбын кездешип, сюжетке өзүнчө түс берип, мазмундук көркөмдүк касиетин арттырат.

"Азыркы доор жүзүн көркөм аңдоого алууда жазуучу жаңы заман жазуучулары колдонуп жаткан эксперименттерди: көркөм мейкиндиктин кең жана тар, конкреттүү жана шарттуу, реалдуу жана ирреалдуу көрүнүштөрүн батыл колдонгон - дейт, адабиятчы-окумуштуу Ү. Култаева, - эстетикалык, этикалык сабагы, тилдик казынасы, көтөргөн жүгү, философиялык ой-чабыты фольклордук алкак-ченемдери жана таалим-тарбиялык мааниси жөнүндө өз-өзүнчө талдоого алууга арзыйт".[2.8-б]

"Аймаран" романынын сюжеттиндеги өнүктүрүлгөн окуялардын байланышынын ар кандай кырдаалына жараша диспут-сабак уюштуруу менен талдоого болот:

1) "Авторду ээрчип» талдоо. Көркөм текстти анализдөөнүн бул жолунда сабак процессинде «авторду ээрчип» салыштырып андагы проблемалар талдоого алынат.

2) "Комплекстүү аралаш талдоо" мындай талдоолор менен чыгарманын идеялык-тематикалык, проблемалык, композициялык, образдык жактарын толук ачып бере алабыз. [4.467-б.]

Мисалы: 1. "Адам жана коом" деген темада, (романдагы базар экономикасындагы мезгилден азыркы заман) жөнүндө талданат, "Аймаран" романында базар экономикасынын мезгилиндеги адамдардын психологиясынын өзгөрүшүн, байлыкты көздөп, адамгерчиликтин, адамзатка тиешелүү ыйык мүнөз, мамилелердин жоголуп бара жатышы ачык көрүнөт. Эгерде оң каармандардын образдарын мүнөздөө аркылуу жаштарды түздөн-түз мекенин сүйө билүүгө, достукка, гумандуулукка, адамдарды бир-бирин сыйлай билүүгө тарбияласак, тарбия берүүгө жардам бере турган образдардын карама-каршысында турган терс каармандардын образы менен коомдук кызыкчылыкты жеке кызыкчылыктан төмөн коюучулар менен аёосуз күрөш жүргүзүүгө тарбиялайбыз.

2. "Адам жана табийгат" же "Сырдуу дүйнө" деген теманы алып, анда романдагы сырдуу, табышмактуу (фольклордук мотивдеги) Ариет (кайып түрүндө кездешет) атанын айткандары, өткөн замандын уламыштары айтылып, жоголуп бараткан улуттук руханий баалуулуктар талданып, "Аймаран" аттуу өтө сейрек кездешкен дары чөптүн касиети аркылуу мекенибиздин асылдыгы, нарк-баасы, улуулугу өөрчүтүлгөн сюжеттерде элестүү берилген.

- "Ааламда жок Аймаран" деген шыпаа гүл ушул. Ыйык көлдүн гана боюнда болот деп айтылып калыптыр. Ырасында да ошондой.

Ушул маалга чейин эч бир укпаптырмын. (Аймаран. 419-б.)

Символикалык аныктаманын түпкүрүндө жаңы доордо кубулуп, жүзүн жоготкон адамдардын жүрөгүн тазалай турган бирден бир замандын "дартына" дабаа сары гүл "Аймаран" жана Ата Мекендин ыйыктыгын, касиеттүүлүгүн, мекендин топурак-ташын көздүн карегиндей сактоого чакырат.

3. "Мекенден башка Мекен жок…" деген темада туулган жерден, мекенинен алыста жүргөн кыргыз урпактарынын (мигранттардын) тагдырлары. Романдагы (Гүкүндүн, Сабыйдын тагдыры, Белек , Зарбү чоң эненин азап-тозогу). Мигранттын ыры:

Түн коюлуп, эл аягы сууганда…
Тыбырчылап аккан суулар тынганда…
Жан Мекеним сени менен коштошуп
Жөнөп кеткем… көрүнбөстөн эч жанга…
Кайырма: Мекенден башка Мекен жок ээй,
Энеден өткөн эне жок ээй…
Кыргызым, кантет болочок ээй.
Кыйырда нетет келечек ээй!
Түшкө кирет, асман тоодо жылдызың
Сезем, Мекен, колдоруңдун жылуусун.
Сүтак үнү. Тоо бетинде толгон Ай,
Түнүн дагы… кандай гана сулуулук!

Эч ким, дым чыгарбай угуп отурушту. Бир гана Кумардын көздөрүнөн тунук тамчылар куюлуп атты…

Мени сенден ажыраткан тагдырга.
Эмне майнап, ыйлап наалат айтканга
Жети кабат жер астына кирсем да,
Айла табам Мекен сага кайтканга!

Керим Тураповдун сыйкыр, күчтүү үнү Дортмунд мейманканасынын бир бөлмөсүнө толуп, алыста калган Ала-Тоону элестетти, кусалантты.

[Аймаран. 538-539-б.]

4. "Туулган жердин топурагы алтын" деген темада (романдагы каармандын мекенине болгон патриоттук сезими, туулган жерине болгон кусалыгы) талданат. "Ата Мекенге болгон чексиз сүйүүнүн коргошундай уютулган табериги, туулган жердин топурагына болгон сагынычы, кусалыгы, көксөөсү, айтып бүткүс арман-тилеги… Ата Мекендин ыйыктыгы, жалгыз-жалкылыгы (ааламда жок), касиеттүүлүгү, кайталангыстыгы жар салынат. [3. 16-б.].

-Кагылайын Ала-Тоом ай!.. Топурагыңа таманым тие турган күн бар экен ээ? –деп сүйүнүп, сүйлөнүп алды Тумар Муратовна.

["Аймаран".551-б.]

Жогорудагыдай талдоо менен сабактын өзгөчөлүгүн, анын тарбиялык-таалим берүүчүлүк милдетине ылайык, окуучулардын даярдыгына жараша, чыгармага карата, мугалимдин деңгээлине, даярдыгына байланыштуу, окуу китептеринин, кошумча материалдардын жардамы менен чыгарманы талдоонун дагы да башка ыкмасын тандап алууга болот.

Чыгарманы талдоо негизги маселе экендигине методика илими да өзгөчө маани берет. Ар бир жанрдагы көркөм чыгарманын негизги идеясынын түпкүрүндө жаткан ар бир ойлор, аларды иш жүзүнө ашырган образдык түзүлүштөр талдоонун натыйжасында гана белгилүү деңгээлде ишке ашырылат.

Адабияттар

1. Исмаилова Р. "Аймаранды" издегенде же "Тумар Ханышадан" кайтканда...-//Кыргыз туусу. 21- сент. 2018.

2. Култаева Ү. Азыркы доор үнү Мамазаированын "Аймаран" романында//Кыргыз Туусу, – Б., 16-янв. 2019.

3. Абакиров М. Мекенчил жазуучунун көйгөйлүү дастаны //Эркин-Тоо. 15-февр. 2019.

4. Муратов А. Кыргыз адабиятын окутуу теориясы жана практикасы. – Б., -Турар.- 2013.

5. Мамазаирова М. "Аймаран". Роман. – Б., -Турар. - 2018.